**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел: +996 (312) 620821, факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Борбордук казыналык
ИУЖК: 20327005
БИК: 440201
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел: +996 (312) 620821, факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Центральное казначейство
ОКПО: 20327005
БИК: 440201
ИНН: 01704199610123

№ 02-1-12/1668 «20» 12 2024

Сизд.чыг. (На) № ___________ «_____» _________ 20 ___

**Талас облусунун**
**Талас районунун Шумкар-Уя айылдык кеңешинин талапкери**
**Тургунбай у. Аскат**
Дареги: Талас району, Сасык-Булак а.,
Сагынбек көч., №[redacted]
Тел.:[redacted]

*Көчүрмөсү:* **Талас районунун прокуратурасына**
*16.12.2024ж. чыгыш №24/110-07-11/1-24-00674*

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – БШК) Сиздин 2024-жылдын 16-декабрындагы арызыңыз боюнча төмөндөгүлөрдү билдирет.

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Мыйзамынын (мындан ары – Мыйзам) 60-беренесинин 7-бөлүгүнө ылайык, *жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди каттоо добуш берген күнгө чейин 20 календардык күн калганда бүтөт.*

БШКнын 2024-жылдын 17-сентябрындагы №125 – токтому менен бекитилген 2024-жылдын 17-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чараларынын календардык планында айылдык кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди каттоо үчүн зарыл болгон документтерди тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына берүү добуш берүү күнүнө чейин 30 календардык күндөн кечиктирбестен (2024-жылдын 17-октябры саат 18.00 чейин), ал эми айылдык кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди каттоо добуш берүү күнүнө чейин 20 календардык күнгө чейин (2024-жылдын 28-октябрына чейин) жүргүзүлөөрү көрсөтүлгөн.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Жогорудагы маалыматтарга ылайык жана жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына өзүн өзү көрсөткөн жарандар көп болгондугуна байланыштуу, Шумкар-Уя айылдык кеңешине талапкерлер Талас АШК тарабынан 2024-жылдын 24-октябрында №9 – чечими менен катталган.

Мыйзамдын 42-беренесинин 8-бөлүгүнө ылайык, *арыздар (даттануулар) шайлоо процессинин субъектине анын шайлоо укуктары бузулгандыгы, чечимдер кабыл алынгандыгы, аракеттер (аракетсиздиктер) жасалгандыгы жөнүндө белгилүү болгон учурдан тартып токтоосуз, бирок 3 календардык күндөн кечиктирилбестен берилет.*

Мыйзамдын 42-беренесинин 13-бөлүгүнө ылайык, *арыздарды (даттанууларды) берүүнүн мөөнөттөрү калыбына келтирүүгө жатпайт. Көрсөтүлгөн мөөнөттөрү аяктагандан кийин арыздар (даттануулар) кабыл алынбайт. Арызды (даттанууну) берүү мөөнөтүнүн өтүшү чечим кабыл алынган күндөн, аракет (аракетсиздик) жасалган күндөн кийинки күнү башталат.*

Талас АШКнын 2024-жылдын 24-октябрындагы №9 – чечимине Мыйзамда белгиленген мөөнөттө даттануу БШКнын дарегине түшкөн эмес.

Ушуга байланыштуу, Мыйзамдын 62-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, *Талапкерлер добуштардын бирдей санына ээ болгондо мурда катталган талапкер шайланган болуп эсептелет. Эгерде талапкерлер бир күндө катталган болсо, маселе чүчүкулак өткөрүү жолу менен чечилет.*

2024-жылдын 13-декабрында Талас АШК тарабынан Талас районунун Шумкар-Уя айылдык кеңешинин Сасык-Булак округунда шайлоонун натыйжасы боюнча талапкерлер Бакытбеков Баккелди Бакытбековичтин жана Тургунбай уулу Аскаттын добуштары бирдей болгондуктан чүчүкулак өткөрүлгөн. Сиз чүчүкулак тартуудан баш тартканга байланыштуу, Сиздин ордуңузга нейтралдуу жак болуп Табышов А.К. катышкан. Чүчүкулак тартылып, кутуда калган кагаз баш тарткан талапкерге тиешелүү деп эсептелген.

Чүчүкулактын жыйынтыгы менен Бакытбеков Баккелди Бакытбекович шайланган болуп эсептелген.

Жогорудагы маалыматтарга ылайык, Талас АШКнын 2024-жылдын 13-декабрындагы чүчүкулак өткөрүлүшү боюнча БШКга даттанылбагандыгын белгилейт.

Чүчүкулактын жыйынтыгы менен Талас АШКнын 2024-жылдын 13-декабрындагы Шумкар-Уя айылдык кеңешиндеги бош калган депутаттык мандатты кийинки турган талапкерге өткөрүп берүү жөнүндө №14 чечими Мыйзамга ылайык кабыл алынгандыгын жана бул чечимди жокко чыгарууга негиз жок экендигин билдиребиз.

**Төраганын орун басары** **Н. Койчукеев**

Атк.: Берикбаева К. 660118

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН